Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо комиссиясынын төрайымы

Н.Шайлдабековага

Көчүрмөсү: Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына

Базар-Коргон шаарынын Т.Сайдуллаев көчөсүнүн тургуну, Базар-Коргон шаардык Кеңешине "Замандаш" саясий партиясынан талапкер
Юсупов Зайнобидин Абдумухтаровичтен

# А Р Ы З

Менин арыз берүүмдүн себеби төмөндөгүчө:

2021-жылдын 11-апрель күнү Жергиликтүү Кеңештердин депутаттарын шайлоосу болуп өтүп, ошол шайлоого мен "Замандаш" саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесинде № 4-орунда болчум. Шайлоонун жыйынтыгы боюнча Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан 2021-жылдын 16-апрель күнү саат 9:10 мүнөттө протокол түзүлгөн. Ошол протоколдо "Замандаш" саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесинде № 4-орунда Камалдинов Адилбек Камалдинович жазылып турат. Бирок Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы "Замандаш" саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесиндеги орун алмаштыруу процессине мени чакырбай, макулдугумсуз эле орун алмаштыруу процессин өткөрүп, протокол түзүшүп, тизмеге өзгөртүү киргизишкен. Ал эми орун алмаштыруу процесси боюнча толтурулган № 2-формасында жана № 2/1-формасындагы кол меники эмес, мындан сырткары аймактык шайлоо комиссиясы арыз ээси жок эле арызды алганга укугу жок болгондугуна карабай, кимдир бирөөлөр алып барган арыздарды аймактык шайлоо комиссиясы кабыл алып, орун алмаштыруу процессин өткөргөн, мындан сырткары № 2 жана № 2/1-формасында ***"*аймактык шайлоо комиссиясына жеке өзү арыз берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда толтурулат, нотариус тарабынан күбөлөндүрүүгө жатат"*** деп көрсөтүлгөн. Ошондуктан Шайлоонун жыйынтыгы боюнча Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан 2021-жылдын 16-апрель күнү саат 9:10 мүнөттө түзүлгөн протокол бузулууга жатат эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо комиссиясынан

# С У Р А Н А М:

1. Шайлоонун жыйынтыгы боюнча Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан 2021-жылдын 16-апрель күнү саат 9:10 мүнөттө түзүлгөн протоколдогу "Замандаш" саясий партиясына карата түзүлгөн тизмени жокко чыгарууңузду
2. "Замандаш" саясий партиясы тарабынан 01-март 2021-жылы Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына берилген биринчи тизме боюнча № 4-орунга Юсупов Зайнобидин Абдумухтарович деп калыбына келтирүүңүздү
3. 2021-жылдын 16-апрель күнү түзүлгөн протоколго өзгөртүү киргизүүнү Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына милдеттендирүүңүздү

Тиркелет: паспорт көчүрмөсү, Базар-Коргон шаардык Кенешинин депутаттыгына талапкерлигим боюнча күболуктүн көчүрмөсү, 16.04.2021-жылы саат 9:10 мүнөт өткөндө түзүлгөн протоколдун көчүрмөсү, арыздын бир көчүрмөсү.

Арыз ээси: Юсупов З.А.

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-12/1329
«18» 04 2021 ж/г